# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

**8-класс** **№2-вариант**

**№1. Аныктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Жанар жайлоого кеткен болчу.
б) Жыргал быйыл мектепке барат.
в) Азат Улуктан улуу экен.
г) Сабырдын мүнөзү жакшы.

**№2. Аныктоочтун суроолорун белгиле.**
а) Кимдер? Эмнелер?
б) Качан? Канчанчы?
в) Кимдин? Эмненин?
г) Кимге? Эмнеге?

**№3. Аныктоочтун милдетин сан атооч аткарган сүйлөмдү белгиле.**
а) Асыл бирдин айында жумушка чыгат.
б) Дүйнөдөгү биринчи кат качан жөнөтүлгөн?
в) Тогуз-Торолук жигит байге алды.
г) «Тогузак» бирикмеси чогулуш өткөрдү

**№4. Аныктоочтун милдетин зат атооч аткарган сүйлөмдү белгиле.**
а) Пушкиндин ырлары кыргыз тилине которулган.
б) Кыргызстанда жети облус бар.
в) Чынгыз Айтматов - чыгаан инсан.
г) Канат кайра-кайра бара бериптир.

**№5. Бышыктоочтун суроолорун белгиле.**
а) Кандай? Кайсы?
б) Кимдин? Эмненин?
в) Ким? Эмне?
г) Качан? Каякка?

**№6. Сыпат бышыктоочту белгиле.**
**Короону сонун кылып иреттеп койгом.**
а) короону
б) иреттеп койгом
в) иреттеп
г) сонун кылып

**№7. Мезгил бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Талант 6-кичи райондо жашайт.
б) Талантты жакшы комузчу дешет.
в) Талант үйүнө кечинде эле келет.
г) Талант мени менен бирге келет.

**№8. Бышыктоочтун сөз түркүмүн белгиле.**
**Акыл, бир аз күтө турчу.**
а) сан атооч
б) сын атооч
в) чакчыл
г) тактооч

**№9. Орун бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Медер ойлонуп келе жатат.
б) Байке, бизге качан келесиз?
в) Меймандар үйдө эс алып жатышат.
г) Асман тиреген үйлөр салынып жатат.

**№10. Себеп бышыктооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Себеп таба албай эле убаралана бересиңби?
б) Сабакка кечиккен үчүн шаштык.
в) Себебин билсеңиздер, азыр айткыла.
г) Сабак боюнча билгендериңерди жазгыла.